КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМДЕР УЛУТТУК АКАДЕМИЯСЫ

Философия жана укук Институту

Диссертациялык кеңеш Д. 09. 06. 321

Кол жазма укугунда
УДК 1: 16: 316 (043. 3)

САТЫБАЛДИЕВА Рахат Абдрамановна

# ЭТНОСОЦИАЛДЫК ТААНЫМДАГЫ РЕФЛЕКСИЯНЫН ОРДУ

Адистиги: 09.00.11 - социалдык философия

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек - 2007

**Диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчиси:** философия илимдеринин доктору, профессор **БӨКӨШОВ Ж. Б.**

**Расмий оппоненттери**: философия илимдеринин доктору, профессор **ЖУМАГУЛОВ М. Ж.** философия илимдеринин кандидаты, доцент **ИВАКОВ А. Н**

**Жетектөөчү мекеме**: К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин философия жана социалдык-экономикалык дисциплиналар кафедрасы

Коргоо 2007-жылдын 6-апрелинде саат 12-00 дө Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын философия жана укук Институтунун алдындагы (тең уюштуруучу – Ж. Баласагын атындагы КУУ) философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу **Д. 09. 06. 321** диссертациялык кеңештин жыйынында болот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 а).

Автореферат 2007-жылдын 5-мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты** **АКМАТОВА Н. С.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Өнүгүүнүн постсоветтик этабынын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп улуттук аң-сезимдин ойгонуусу, эгемендик алган элдердин өзүнө, өз тарыхына, дүйнөлүк цивилизациядан алган ордуна кызыгуусунун кескин өсүшү эсептелет. Социумдагы баалуулуктар системасын түп-тамырынан бери кайра карап чыгуу, өтмүштүк диалектикасына, калктын маданиятына кызыгуу, рухий дүйнөнүн жаңыланышы, мамлекеттүүлүктүн калыптанышы менен өнүгүшү этносоциалдык таанымдагы актуалдуу маанайдагы рефлексия маселесине кайрылууга мажбур кылды. Улуттун башка элдерге караганда кескин сапаттык айырмачылыктарга ээ өздүк *социомаданий болмушун аңдап түшүнүүсү рефлексия* кубулушу менен тыгыз байланышта болгондуктан, аны этносоциалдык таанымдын өңүтүндө изилдөө зарылдыгы жаралат.

Карт тарых күбөлөгөндөй, коомдук өнүгүүнүн коoптуу мезгилдеринде (согуш, революция, улуттук кыймылдар ж.б.) элдерде өзүнүн цивилизациялык өнүгүүсүн түшүнүүгө болгон кызыкчылык күчөп, алар кыйын кезеңден чыгуунун жолдорун издөөгө, келечекке карай багытты иштеп чыгууга далалаттанышат. Бул өңүттө Кыргызстандагы он беш жылга созулган өткөөл доордун өйдө-ылдыйынын, бийликтеги адамдардын аз гана тобунун мыйзамга жат, коррупциялык ишмердүүлүгүнүн натыйжасында улуттун, өзгөчө жакырчылыкта жашаган айыл калкынын турмуш-тиричилиги оордогондугу байкалды. 2005-жылдын 24-мартында республикада болуп өткөн радикалдуу мүнөздөгү коомдук окуяга байланыштуу элдин социалдык-экономикалык абалын оңдоо, аны тейлөө иштерин жакшыртуу маселеси кыргызстандыктардын жаңы Президент менен өкмөттүн алдына койгон эң актуалдуу жана курч талабы болуп калды.

Бүгүнкү күндө социалдык таанымдын өсүшү коомдогу экономикалык жана маданий-саясий мамилелерди гана эмес, аларды түшүнүүгө умтулган окуулардын ар тараптуу анализи менен тыгыз байланышкан. Ушуга байланыштуу социалдык таанымдагы *рефлексияны* (латынча reflexio - артка кайрылуу)

философиялык анализге тартуу учурдагы актуалдуу маселелердин бири деген пикирдебиз. Маңыздуу коомдук-экономикалык өзгөрүүлөр болуп жаткан мезгилде социалдык таанымдагы рефлексиянын алган орду менен ролун тастыктоо жагдайы, илимий коомчулуктун да көңүлүн өзүнө бурган маанилүү проблемага айланууда. Анткени, рефлексияга карата теориялык кызыгуу социалдык тескөөнүн, чечимдерди кабыл алуунун жана аларды аткаруунун рефлексиялуу механизмдерин түшүнүнүүнү, о.э. субъекттердин профессионалдык ишмердүүлүгү, жалпы эле коомдун турмуш-тиричилигин позитивдүү түзүүнүн практикалык зарылдыктары менен шартталган.

Азыркы философияда рефлексия проблемасына кайрылуу бир катар ички жагдайлар менен шартталат. *Биринчиден*, тааным процесси күмөн саноо, анализ, ой жүгүртүү сыяктуу рефлексиялуу механизмдерсиз такыр мүмкүн эмес. Демек, өткөөл мезгилдеги коомдун табиятын таанып-билүүгө зарыл болуп саналган оптималдуу ыкмаларды аныктоо – учур талабы. Республикабыз үчүн өтө курч маселелерден болуп калктын турмуш-тиричилигинин деңгээлин көтөрүү, экономиканы өнүктүрүүнүн социалдык багытын күчөтүү, Кыргызстандын атуулдарынын гармониялуу, шайма-шай өнүгүшү үчүн негизги шарттарды түзүү эсептелет. Бул милдеттерди чечүүдө аталган социалдык кубулуштардын ички жана сырткы механизмдерин аңдап билүү, кылдат анализдөө иши зор роль ойнойт. *Экинчиден*, сапаты жагынан бир тектүү көрүнгөнү менен рефлексиялуу тааным процесси өтө татаал, көп системалуу түзүлүшкө ээ. *Үчүнчүдөн*, өткөөл мезгилдеги коомдогу рефлексиялуу же андан туунду (производный) катары алынган компоненттерге ээ процесстер менен ишмердүүлүктүн көп кырдуулугу, көп түрдүүлүгү тууралуу маселени да тастыктоо милдетин жүктөйт.

Айтылгандардын негизинде коомдун өнүгүүсү үчүн теория менен практиканын гармониялуу жуурулушун, өткөн тарыхка жана учурга сын көз караш менен карап, реалдуу баа берүүнү шарттаган илимий программаны иштеп чыгуу учур талабы деген пикирдебиз. Философиялык адабиятта мындан 10-15 жыл мурда нукура, туура деп аталган жоболорго



(постулаттарга) жаңыча көз караш менен мамиле жасоо зарылдыгы келип чыкты. Адамдардын иш-аракети аң-сезимдүү мүнөзгө ээ болгондуктан, коомдогу окуялардын, өзгөрүүлөрдүн, процесстердин негизинде белгилүү бир идеялар, көз караштар, ой-пикирлер, максат-ниеттер жатат. Ал эми инсан, топ же коом аларды талдап, маанисин жеткилең аныктап, ак-карасын, чын-төгүнүн ажыратып, анализдин элегине салат. *«Ушундай түшүнүш туурабы? Жаңылган жокпузбу? Жасаган ишибиз натура эмеспи? Кылганыбыз ойдогудай болдубу? Эмнени баамдабай, түшүнбөй, билбей калдык? Эмне үчүн коомдук болмушта ушундай ой-пикир орун алды? Бул же тигил иштин башы, жүрүшү кандай көз караштар менен шартталган?»* – ушул өңдүү суроолорго жооп издөөгө мезгил жетти. Ошол себептен этносоциалдык таанымдагы рефлексиянын орду менен ролуна философиялык анализ жасоо бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири деген пикирдебиз. Анткени, коомду рефлексиянын формасында түшүндүрүү концептуалдуу иликтөөнүн чегинде гана болушу мүмкүн. Ошол себептен диссертант рефлексия коомдук аң-сезимдеги феномен катары субъекттердин ишмердүүлүгүнүн деңгээлинде гана теориялык аңдап түшүнүү катары каралаарын белгилейт.

**Проблеманын изилденүү даражасы**. Илимий адабиятта рефлексия феноменинин ар кандай өңүттөрүн изилдөөгө арналган түрдүү жоболор кездешет. XX кылымдын 50-60-жылдарында советтик философиялык изденүүлөрдө ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүнө тиешеси бар рефлексиялуу процесстерди изилдөө боюнча бир кыйла кеңири илимий материал топтолгон. Мындай маалыматтар тигил же бул багытта максатуу иштелип чыкпагандыктан, изилдөөчүлөр сөз болуп жаткан информацияны классификациялоо, жалпылоо жана системалаштыруу иши менен гана чектелип калышкан. Рефлексияны өтө татаал актуалдуу проблемалардын чөйрөсүнө оодаруу боюнча али да болсо алгылыктуу иштер жүргүзүлө элек.

Батыш философиясында узакка созулган мезгилдер бою тарыхый-философиялык концепцияларды интерпретациялоо аркылуу рефлексия проблемасын чечмелөө ыкмасы практикаланып келе жатат. Мындай багытта иш жүргүзгөн авторлор катары К. О. Апель, Д. Беннер, П. Райзингер,

Х. Ромбах, К.-А. Шайер, Г. Шнедельбах, А. Шуберт, В. Шульц ж.б. илимпоздорду атоого болот.

Рефлексияны изилдөө өңүтүнө карай анын теориялык, методологиялык жана илимий формалары тууралуу сөз кылууга болот.

*Теориялык рефлексия* таанымдын, билимдердин себептери менен шарттарынын бүтүндөй жыйындысын тастыктоо жана аналитикалык изилдөө жаатындагы ишмердүүлүк ыкмасы катары түшүндүрүлөт (В. А. Лекторский). Мында негиздүү жана объективдүү билим системасындагы теориялык рефлексиянын ролу менен орду баса көрсөтүлөт.

*Логикалык рефлексиянын* парадигмалык өзгөчөлүктөрү аны философиялык ой жүгүртүүнүн башка салттары менен салыштырууда тастыкталат (рефлексия менен түшүнүүнүн айкалышуу проблемасы). Рефлексиянын бул өңүтү С. С. Гусев, А. П. Огурцов, Г. Л. Тульчинский, В. С. Швырев ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде иштелип чыккан.

*Рефлексиянын методологиялык концепциясы* философиялык, конкреттүү илимий жана илимден сырткаркы билимдердин *типтеринин*; о.э. илимий-таанып билүүчүлүк, инженердик, уюштуруу, башкаруу ж.б. ишмердүүлүктүн ар кыл *түрлөрүнүн* өзгөчөлүктөрүн иликтөөнүн негизинде өнүгөт. Ишмердүүлүктүн мындай түрлөрүн комплекстүү кароо менен байланышкан рефлексиянын методологиялык багыты Г. П. Щедровицкий, Н. Г. Алексеев, И. С. Ладенко, А. С. Зак ж.б. эмгектеринде чагылдырылган. Бул багыттын маанилүү натыйжасын ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн долборлоо боюнча рефлексиянын моделин түзүүдө, ишмердүүлүктүн көптөгөн түрлөрүнүн каражаттарын, ыкмаларын, методдорун ийне-жибине чейин кылдат иштеп чыгууда, рефлексиялуу механизмдерди ишке ашырууда көрүүгө мүмкүн.

Рефлексияны окуп-үйрөнүүнүн үчүнчү багыты болуп аны *илимий изилдөө* эсептелет. Илимдин чегинде рефлексияны түшүнүүнүн төмөнкүдөй формалары бар:

1) илимий рефлексия философия менен илимдин социомаданий мейкиндиктеги же илимдер аралык методологиялык иштин чөйрөсүндөгү өз ара алакалашуу механизми болуп саналат (С. С. Митрофанов, О. В. Зинович);



2) рефлексиялуу системалардын ишмердүүлүгүнүн, анын ичинде илимий ишмердүүлүктүн реалдуу механизмдерин рефлексиядан жогору турган позициядан анализ кылуу мүмкүн (М. А. Розов, Л. С. Сычева);

3) илимий рефлексиянын типологиясы жүргүзүлөт, анын ар кыл түрлөрү, деңгээлдери жана формалары аныкталат (В. Ф. Берков, В. Н. Борисов, В. В. Лапицкий);

4) рефлексия конкреттүү илимдин, мисалы, психологиянын атайы илимий түшүнүгү катары аныкталат (И. Н. Семенов, С. Ю. Степанов).

Биздин пикирде, учурдагы *илимий рефлексия* илимий билимдин концептуалдуу структурасындагы рефлексиялуу механизмдерди ишке ашыруунун ички жана сырткы факторлорунун маанисин изилдеген багыттарды түшүнүү жана системалаштыруу этабында турат.

Теманын үстүндө иштөөдө биз илимий-методикалык семинарларда, конференцияларда, симпозиумдарда ж.б. рефлексия проблемасын коллективдүү талкуулоонун ар кандай формалары чагылдырылган эмгектерди кеңири пайдаландык. Рефлексия менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөөдө А. А. Бекбоев, Ж. Б. Бөкөшов, А. А. Брудный, А. С. Салиев, О. А. Тогусаков ж.б. кыргыз окмуштуулары кыйла эмгек сиңиришкендигин белгилеп кетүү абзел. Ал эми кыргыз элинин менталитети, кулк-мүнөзү, жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү тууралуу тигил же бул деңгээлде өнүктүрүлгөн жоболор М. К. Абдылдаев, А. А. Алтмышбаев, Б. А. Аманалиев, А. А. Айтбаев, А. А. Асанканов, Р. А. Ачылова, Ш.А. Акмолдоева, С. Жигитов, С. Жээнбеков, Н. К. Кулматов, К. Молдобаев ж.б. илимпоздор менен улуттук интеллигенциянын өкүлдөрүнүн эмгектеринде кездешет.

Изилдөөнүн **объектиси** катары социалдык таанымдын феномени болуп саналган рефлексия аталды. Диссертациялык иштин **предмети** - Чыгыш менен Батыш элдеринин, анын ичинде кыргыздардын этносоциалдык таанымдагы рефлексиянын өзгөчөлүктөрү (мааниси, орду, түзүлүшү менен функциялары).

Белгиленген максатка ылайык диссертациялык иштин төмөнкүдөгүдөй **милдеттери** аныкталды:

- рефлексияны категория жана концепция катары иликтөө менен анын мазмунун, структурасын жана маңыздуу белгилерин аныктоо;

- социалдык, анын ичинде этносоциалдык таанымдагы рефлексияны концептуалдуу өздөштүрүүгө көмөк берген методологиялык жоболорду тастыктоо;

- этносоциалдык таанымдын рефлексиялуу табияты менен өзгөчөлүктөрүн ачуу;

- коомдук аң-сезим менен менталдуулуктагы Батыш-Чыгышка мүнөздүү рефлексиянын жалпылыгы менен өзгөчөлүгүн көрсөтүп берүү;

- рефлексиянын этносоциалдык таанымдан гана эмес, улуттун рухий жүзүнөн алган орду менен ролун аныктоо;

- рефлексияны улуттун өзүн өзү таанып билүү процесси катары чечмелеп, анын айрым практикалык маселелерине токтолуу.

**Методологиялык жана теориялык негиздер**. Диссертациянын теориялык жана методологиялык негиздери болуп социотаанымдагы, анын ичиндеги этносоциалдык таанымдагы рефлексиянын орду менен ролу тууралуу дүйнөлүк философиянын классиктеринин теориялык көз караштары, о.э. менталитет, улуттук аң-сезим, рухий дөөлөттөр өнүтүндөгү Шериктештик өлкөлөрү менен кыргыз изилдөөчүлөрүнүн эмгектери эсептелет. Изилдөөнүн методдору катары рефлексияны категория жана концепция катары иликтөөгө, анын негизги формаларын аныктоого, көмөк берген тарыхый-логикалык, салыштырма, диалектикалык жоболор тандалып алынды.

**Иштин илимий жаңылыгы** социалдык таанымдагы рефлексияны атайын, ар тараптан философиялык-методологиялык маанайдагы концептуалдуу-теориялык маанидеги анализге алынышы менен байланышкан.

Диссертациянын **илимий жаңылыгы** катары төмөнкү логикалык жалпылоолорду кароого болот:

- этносоциалдык таанымдагы рефлексия феноменин философиялык деңгээлде окуп-үйрөнүү менен аталган түшүнүккө карата изилдөөнүн негизги жоболору аныкталды;



- тааным теориясындагы рефлексия проблемасынын маани-мазмуну чечмеленди, анын негизги өңүттөрү белгиленди; дегеле рефлексия менен илимий рефлексиянын байланыштары жана айырмачылыктары көрсөтүлдү;

- этносоциалдык таанымдагы рефлексияны эпистемологиялык талкууга тартуу аркылуу коом менен адамдын объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү табиятын изилдөөгө байланышкан гуманитардык дөөлөттөр жана стратегиялык максаттар сыяктуу социалдык философиянын, философиялык антропологиянын, инсан теориясынын маселелерине болгон кызыгуунун парадигмалары такталды;

- бүгүнкү күндөгү илимий жоболорго таянуу аркылуу рефлексиянын этносоциалдык табияты изилденип, анын коомдук процесстерди тескөө мүмкүнчүлүктөрү негизделди;

- адамдын маңызын тике же кыйыр изилдеген илимдерди интеграциялоону шарттаган этносоциалдык таанымдагы рефлексияны ар тараптан таанып билүүнүн зарылдыгы философиялык маанайда аныкталды..

**Коргоого сунушталган негизги жоболор:**

- **рефлексия** деп бул кандайдыр бир нерсени изилдеп-үйрөнүүнүн жана салыштыруунун өзүн түшүнүп-билүү процесси, б.а. адамдын акыл-эсинин, өздүк ойлонуусунун, аң-сезимдин үстүнөн болгон ой жүгүртүүсү, талдоо жүргүзүүсү аталат. Адамдын таанып-билүүчүлүк ишмердиги рефлексиялуу механизмдерсиз эч мүмкүн эмес. Тааным субъектиси аң-сезимдүү же аң-сезимсиз маанайларда рефлексияга таянууга муктаж;

- **рефлексия** этносоциалдык болмушту, анын татаал кубулуштары менен процесстерин аңдап билүүнү шарттаган маанилүү ыкмалардын бири болот да, социалдык мейкиндик жана мезгилде диалектикалык өзгөрүүгө ээ болуучу рухий феномен. Рефлексиянын конкреттүү - тарыхый мүнөзү коомдук имманенттүү логикасынан көз каранды;

- **рефлексия** таанымдын методологиялык, аксиологиялык ж.б. .өңүттөрүнөн айырмаланып илимий анализдин дискурс, семантика өңдүү бир катар жаңы түшүнүктөрү менен коштолот. Рефлексиянын дискурсивдүү семантикалык жобосу материализм, идеализм, диалектикалык

ой жүгүртүү ж.б. философиялык окууларды адаттан тышкары түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет;

- **рефлексиялык анализ** негизги **эки функцияга** ээ: 1) билимдин тигил же бул негиздерин түшүндүрүү же түшүнүү; 2) билимди объективдүүлүк, чындык, рационалдуулук өңүтөрүндө кароо менен ага баа берүү;

- **рефлексия** мааниси боюнча ага жакын **«өзүн өзү аңдоо», «түшүнүү», «талдоо», «күмөн саноо»** сыяктуу аң-сезимдин формалары менен диалектикалык байланышта болот; алардын карым-катнашынын контекстинде рефлексиянын ички жана сырткы формалары өнүгүп турат;

- **социалдык таанызм** коомдук кубулуштарды, процесстерди таанып билүү иш-аракети, анын эмпирикалык жана теориялык деңгээлдеринде биримдиктер, ыраатуулуктар жана өзгөчөлүктөрү бар;

- **рефлексия** социалдык таанымда өзгөчө орун ээлейт, анткени, ал адамдардын аң-сезимдүү иш-аракетин аңдап түшүнүү менен байланышкан; этносоциотаанымдагы рефлексиянын **күнүмдүк-практикалык, мифологиялык, баалуулук-нормативдик, эстетикалык** *жана* **теориялык** *деп* аталган деңгээлдери бири-бири мене байланышта функцияланат;

- **социалдык таанымдагы** рефлексиянын орду, мааниси **«улуттук менталитет»** маселесин, классикалык Батыш-Чыгыш проблемаларын талдоо аркылуу даана көрүнөт; рефлексиянын этномаданий жана социалдык идентификация маселесинде өзгөчө акциялогиялык мазмунга ээ экендиги азыркы коомдук практикан₋ын контекстинде ачык байкалат.

**Изилдөө ишинин теориялык жана практикалык мааниси**. Рефлексияны категория жана концепция катары концептуалдуу изилдөөнүн натыйжасында этносоциалдык таанымдын түзүлүшүндөгү, жүрүшүндөгү ишке ашырылышындагы рефлексиялык механизмдердин кубулуштардын ордун, маанисин, өзгөчөлүктөрүн *теориялык-методологиялык* жактан түшүнүүгө, баалоого олуттуу салым кошулду.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыктары этносоциалдык таанымдагы рефлексиянын орду менен ролун туура түшүнүүгө, о.э. рефлексиялуу таанымдын структурасы жөнүндөгү адекваттуу түшүнүмдөрдү калыптандырууга көмөктөшөт. Изилдөөнүн корутундулары этносоциалдык



таанымдагы рефлексия түшүнүгүнүн маңызын, мазмунун жана структурасын, ошондой эле учурдагы коомдун шарттарындагы өзгөрүүлөрдү түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган тыянактарды аталган проблеманын гносеологиялык жана онтологиялык аспекттерин терең окуп-үйрөнүүдө, жогорку окуу жайларында «Социалдык философия», «Онтология жана гносеология», «Логика» ж.б. атайы курстарды окууда, о.э. социалдык-экономикалык, социалдык-маданий чечимдерди кабыл алуунун мүнөзү менен аларды ишке ашыруунун келечегин аныктоо боюнча экспертизаларды жүргүзүү үчүн пайдаланууга болот.

**Изилдөө ишинин апробацияланышы**. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизги абалдары жана натыйжалары Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында өткөрүлгөн жаш окумуштуулардын илимий-практикалык конференцияларында (2001-2002), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде өткөрүлгөн «Жаш окумуштуулар учурдагы актуалдуу проблемаларды чечүү үстүндө» деп аталган илимий конференцияларда (1998-2002), Кыргыз Республикасындагы Улуттук илимдер академиясынын философия жана укук институтунда өткөрүлгөн жаш окумуштуулардын «Кыргызстандын көз каранды эместигинин 10 жылдыгына» арналган илимий конференцияда (2001), Республикалык V илимий-теориялык конференцияда (2002), Республикалык VII илимий-теориялык конференцияда (2003), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин философия кафедрасында жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия кафедрасында өткөрүлгөн методикалык семинарларындагы талкуулоолордо жана автордун 12 илимий макалаларында чагылдырылган.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын философия жана укук Институтунун гносеология жана социалдык экология, рухий маданият жана логика, социалдык философия, философиянын теориясы жана тарыхы бөлүмдөрүнүн кошмо жыйынында талкууланган.

**Диссертациялык иштин структурасы**. Иш киришүүдөн, эки баптан, төрт параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу көрсөтүлүп, анын изилдөө даражасы мүнөздөлдү, иштин максаты менен негизги милдеттери коюлду, изилдөөнүн объектиси менен предмети аныкталды, анын теориялык-методологиялык өбөлгөлөрү, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси такталды, ишти апробациялоонун негизги формалары көрсөтүлдү.

**«Социалдык таанымдагы рефлексияны изилдөөнүн методологиялык маселелери»** деп аталган **биринчи бапта** рефлексиянын маңызы, анын изилденишинин тарыхы менен методологиялык принциптери чагылдырылды.

***«Рефлексия»: категория жана концепция*** деген ***биринчи параграфта*** аталган феномендин философиялык маанайда концептуалдуу мазмуну аныкталган. Учурда коомдо болуп жаткан ар кыл процесстер менен кубулуштарды ар тарантуу анализдөө үчүн ишенимдүү методологиялык база болуп эсептелген адамдардын коомдук-саясий ишмердүүлүгүнүн жалпы теориясын андан ары өнүктүрүү талап кылынат. Анткени, бүгүнкү күнгө чейин коомдук-саясий ишмердүүлүктү жана социалдык турмушту рефлексияга тартуу философиялык өңүттө олуттуу анализденбей келгендиги буга айкын мисал.

Рефлексия таанып теориясындагы маанилүү жана ошол эле учурда татаал маселелердин бири болуп саналат. Илимий философиялык адабияттарда кеңири белгилүү жана ар тараптан чечмеленген түшүнүктөрдөн айырмаланып, рефлексия түшүнүгү бүгүнкү күнгө дейре жетишээрлик деңгээлде такталбай, изилденбей келүүдө. Ошол себептен, илимий изилдөөлөрдө аталган түшүнүктүн *натуралисттик, психологиялык, логикалык-гносеологиялык* жана *социологиялык* мүнөздөгү аныктамалары кездешет.

Изилдөөчүлөр *рефлексия* жана *илимий рефлексия* түшүнүктөрүн айырмалашат. *Дегеле рефлексия* «жетилген коомдук адамдын өздүк иш-аракеттери менен алардын мыйзамдарын түшүнүүгө багытталган теориялык ишмердүүлүгүнүн формасы (*А. Огурцов*); адамдын рухий дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн ачып берген өздүк таанып ишмердүүлүгү», ал эми *илимий рефлексияны* илимий ишмердүүлүктүн өзүн, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн иликтөөгө багытталган ишмердүүлүк катары аныкталат (*И. С. Попов*). Айтылгандардын негизинде *таанып рефлексиясы* «таанымдын өзүнө өзү багытталышы» (*В. А. Лекторский*) катары бааланганды колдоого арзыйт.

*Рефлексиялык ишмердүүлүк* адамга мүнөздүү болгон таанып жөндөмдүүлүктөрдүн бири, ал эми анын *объектиси* катары предметтүү дүйнө же объективдүү реалдуулук эмес, пикирлер, концепциялар формасындагы *билим системасы* же *рухий дүйнө* эсептелет. Ушул өңүттө философиянын тарыхында рефлексиянын таанымдагы уламдан улам күчөп бара жаткан ролуна байланыштуу таанымдын реалдуу практикасында кездешкен формалары, алардын тарыхый доорлордогу, рухий практикадагы мааниси, гносеологиялык статусу ***анткорлонуу (ирония) методу*** (*Сократ*), ***күмөн саноо принциби*** (*Декарт*), ***эвристикалык стилдеги ой жүгүртүү*** (*Галилей*), ***антиномиялар, проблематизация жана сын методу*** (*Кант*) аркылуу туюнтулган.

Азыркы мезгилде рефлексия түшүнүгүн пайдалануу чөйрөсү бир кыйла кеңири масштабдарга ээ. Ошол себептен, изилденип жаткан түшүнүк: 1) илимдер аралык изилдөөлөрдүн жана учурдагы илимдин өнүгүшүндөгү классикалык эмес багыттарынын ***методологиялык каражаты*** катары (рефлексиялуу башкаруунун теориясы, рефлексиялуу оюндардын теориясы, интенсионалдуу логика ж.б.у.с.); 2) илим таануу, искусство таануу, психология ж.б. бир катар коомдук илимдер үчүн ***түшүндүрүү принциби;*** 3) ***илимий изилдөөнүн өзгөчө предмети*** катары философияда гана эмес, жалпы илимий деңгээлдерде кеңири пайдаланылып жатат. Бул маанайда рефлексия философиялык же жалпы илимий мүнөздөгү эмес, атайы илимий категория болуп саналаары тастыкталды.

Рефлексиянын механизмдерин изилдөө менен байланышкан маселелердин чөйрөсү таанып теориясынын атайы бөлүмүн түзөт. Имманенттүү маңызы боюнча рефлексия субъекттин таанып ишмердүүлүгүнүн зарыл чөйрөсүн чагылдырат б.а. мында таанымдын негизги куралы болуп эсептелген, өтө так мүнөздөгү эпистемологиялык феномендер (абстракциялар, моделдер, теориялар ж.б.) түшүнүү үчүн бир

кыйла «жеңилдетилет», алардын курамдык элементтери майдаланып түшүндүрүлөт. Рефлексиялык ишмердүүлүктүн ички өзөгүн проблематизация, суроо-жооп формасындагы түшүндүрүү түзөт. Мындай принциптин чегинде таанып процессинин каалагандай натыйжасы (түшүнүктөр, категориялар, классификациялар, теориялар, онтологиялык схемалар) ар тараптан сынга алынат, бааланат жана алардын чындыгынан күмөн саналат.

*Рефлексиялык анализ* төмөнкүдөй эки функцияны аткарат: 1) билимдин тигил же бул негиздерин түшүндүрүү же түшүнүү; 2) билимди объективдүүлүк, чындык, рационалдуулук өңүттөрүндө кароо менен ага баа берүү. Тагыраак айтканда «рефлексиялык анализдин ар бир жагдайы билимдин кандайдыр бир «түшүнүксүз», «ачык эмес» жактарын түшүндүрүүнү жана түшүнүүнү шарттайт (В.А. Лекторский). Рефлексия чындык (акыйкат) сыяктуу дайыма тарыхый-конкреттүү мүнөзгө ээ; анын «иштиктүү» чөйрөсү, тереңдиги жана маани-мазмундук мүмкүндүктөрү илим менен тажрыйбанын өнүгүү деңгээлинен көз каранды.

Рефлексия субъекттин таанып процессине болгон мамилесин мүнөздөгөн *«ишмердүүлүк», «түшүнүү», «күмөн саноо»* ж.б.у.с. түшүнүктөр менен тыгыз байланышкан жана аларсыз толук мааниде функцияланбайт. Аталган категориялар рефлексиянын атрибуту (ажырагыс касиети) болуп саналгандыктан, айрым авторлор «рефлексия» илимий изилдөөнүн бүтүндөй баардык формаларын өз кучагына камтыган өтө кеңири маанидеги түшүнүк деп баса белгилешет (Борисов В. Н.).

Ошентип, илимий изилдөөлөрдүн формаларынын ичинен рефлексияны айырмалап алууга негиз болуп анын илимий таанымдан алган орду жана аткарган функциялары эсептелет. Ушул негизде илимий таанымдагы рефлексиянын баардык формаларын *сырткы* жана *ички* деп бөлүп алуу талапка ылайык. *Рефлексиянын сырткы формалары* катары ири алдыда *таанып теориясын, логиканы* жана *жалпы методология* эсептелет. Рефлексиянын ички формаларын айырмалоо жана анализдөө *«милдет», «каражат», «натыйжа»* ж.б. категориялардын жардамы аркасында ишке ашат.



***«Социалдык таанымдын рефлексиялуу табияты»*** деп аталган ***экинчи параграфта*** социалдык таанымдын маңызын, рефлексиянын социалдык таанымдагы ролу, орду каралып, рефлексия менен маданияттын өз ара алакасын ачып берген механизмдер такталды жана коомдук өзгөрүүлөрдүн шарттарындагы аталган феномендин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү.

Философиялык билимдердин структурасында эсептелген коомду, социалдык турмуш менен процесстерди иликтөөгө тарткан *социалдык таанып* өзгөчө орунду ээлеп турат. Ал социалдык философиянын маанилүү категориялары, түшүнүктөрү аркылуу **(логикалык-гносеологиялык аспект)** адам менен коомдун, субъект менен объекттин карама-каршы мүнөздөгү өз ара мамилесин мүнөздөөгө **(онтологиялык аспект)** мүмкүндүк берет. Социалдык гносеологиялык социумдун жана жеке адамдардын **(субъекттердин)** коомду, тарыхты, адамдар тобун, өндүрүштү **(объектти)** таанып-билүүгө, алардын маанисин, мазмунун түшүнүүгө болгон активдүү иш-аракетин чагылдырат. Философия илиминин бул тармагы таанып-билүүнүн субъектисинин предметтик ишмердүүлүгүндө пайда болгон логикалык форма катары социалдык, адам болмуштарын таанып билүүнүн конкреттүү-прогрессивдүү мүнөзүн туюнтат.

*Коомдук мамилелердин (алакалардын) формасын* түзгөн негизги фактор болуп адамдардын эмгек ишмердүүлүгү, аң-сезимдүү болмушу, рухий талап-мүдөөсү, ыйман-абийир жол-жоболору саналат. Бул учурда *материалдык фон* катары адамдардын жеке жана коомдук эмгеги эсептелет. Коомдук мамилелер адамдарсыз же субъектсиз жашай албайт. Ошол себептен, социалдык таанып менен шартталган мамилелердин өзгөчөлүгү инсандын, социалдык институттардын ишмердүүлүгү, коомдук надстройкага байланыштуу. Социалдык таанымдын субъектилеринин жана объектисинин өз ара *мамилелеринин натыйжасы* болуп коомдо болуп жаткан кубулуштарды жана объективдүү чындыкты таанып билүү, алардын маани-маңызын түшүнүү, социумду зарыл билимдер менен камсыз кылуу эсептелет.

*«Социалдык таанып»* түшүнүгү кош мааниге ээ. Айрым адабияттарда социалдык таанып деп коом тарабынан дүйнөнү, айлана-чөйрөнү, ал тургай табигый жаратылышты таанып-

билүү түшүнүлөт *(С. Э. Крапивенский)*. Башка адабияттарда социалдык таанымкоомду, анын мыйзамдарын өздөштүрүү болуп саналат *(Соколов С. В)*. Изилдөөбүздүн максатына ылайык биз экинчи маанидеги социалдык таанымга көңүл бурсак, мындай таанымдын субъектилеринин ишмердүүлүгү *объект* болуп эсептелет. Башкача айтканда социалдык гносеологиянын чегинде адамдардын өзү таанымдын субъектиси да, реалдуу ишмердүүлүктүн объектиси да болуп саналышат. Ошону менен бирге таанымдын объектиси менен субъектисинин ортосундагы алака да социалдык гносеологиянын объектиси боло алат. Демек, табигый, техникалык ж.б. илимдерден айырмаланып, социалдык таанымдын объектисинде анын субъектиси камтылган.

Жыйынтыктап айтканда, таанып теориясынын жалпы негиздери сыяктуу эле социалдык таанып *эмпирикалык* жана *теориялык* деп аталган эки деңгээлге ээ. Социалдык таанымдын *эмпирикалык деңгээлине* коомдук процесстерге байкоо жүргүзүү, социалдык эксперимент, социалдык фактылар менен иш алып баруу; ал эми *теориялык деңгээлине* тарыхый жана логикалык методдор, моделдештирүү, тарыхый параллелдер методу ж.б. кирет. Жалпы мыйзамдар же принциптер гана эмес, илимий теориялардын мыйзамдары да баалуулук ченемине ээ. Илимий факт менен илимий теорияны бири-биринен так кесе бөлүп салуу мүмкүн эмес. Фактылар теориялык түшүнүктөр аркылуу чагылдырылышат, фактылардын мазмуну алардын теориялык системадан алган ордуна ылайык аныкталат.

**"Этносоциалдык таанымдын рефлексиялуу формалары жана практикалык маселелери"** деп аталган **экинчи бапта** социалдык таанып, менталитет, улуттук менталдуулук жана рефлексия менен байланышкан ар кандай жоболор менен көз караштар коцептуалдуу анализге тартылды.

***«Этносоциалдык таанымдын рефлексиялуу формалары»*** аттуу ***биринчи параграфта*** коомдук аң-сезим, менталитет феномендери рефлексиялык ишмердүүлүк менен тыгыз байланышта экендиги, этносоциалдык рефлексиянын негизги формалары көрсөтүлдү.

Илимий рефлексия гносеологиялык, логикалык, методологиялык, маданий-философиялык, социалдык-



экономикалык ж.б.у.с. өңүттөрдө болушу мүмкүн. Социалдык, анын ичинде этносоциалдык таанымдын рефлексиялуу формаларынын өзөгү ошол коомдун тарыхы, өнүгүү этаптары, жашоо шарттары, мифологиялык, диний ишенимдеринин өзгөчөлүгү, саясий-экономикалык потенциалы ж.б. маалыматтарды өз кучагына камтыган *«генетикалык код»* же *архетип* менен байланышкан. Алардын *мазмунун* элдин тарыхый-социалдык, маданий-правалык өнүгүү жолун мүнөздөгөн *мурастар, фактылар, сюжеттер*, коомдук жана саясий аң-сезимдин негизинде жаткан *материалдык жана рухий дөөлөттөрдүн жыйындысы*, тарыхтын элегинен өткөн *коомдун маданий генофонду* түзөт.

Этносоциотаанымдын рефлексиялуу формаларынын күнүмдүк-практикалык деңгээлинин ар кандай идеялардан, пикирлерден, ынанымдардан, б.а. ички дүйнөнүн өзгөчөлүгүн түзгөн рухий-психикалык элементтерден куралган, маданий дөөлөлөттөр менен маданий генофонддун жыйындысынан турган, каада-салттардан, үрп-адаттардан, маданияттан, социалдык-экономикалык, табигый жана демографиялык факторлордон көз каранды жагдайын *менталитет* түшүнүгү менен туюндурат. Менталитеттин деңгээлинде табигый жана социалдык, эмпирикалык жана рационалдуу, аң-сезимдүү жана аң-сезимсиз, жеке жана коомдук кубулуштар өз ара айкалышуу аркылуу бөтөнчө бир феноменди түзүшөт. Адамды социалдык топтор менен тарыхый жалпылыктарга жуурулуштурган ички дүйнөнүн туруктуу маанайын чагылдыруу аркылуу менталитет ошол жалпылыктардагы маңыздуу айырмачылыктар менен өзгөчөлүктөрдү аныктоонун негизги каражаты болуп саналат.

Айтылган пикирдин негизинде төмөнкүдөй суроо жаралат: *коомдук аң-сезимдин структурасында менталитет барбы же ал нукура мүнөздөгү теориябы, анын категориялык статусу кандай?* Буга карата окумуштуулар арасындагы бир катар талаш пикирлер орун алып, бирдей жоболор жокко эсе болгондуктан, илимий адабиятта бири-бирине түздөн-түз карама-каршы көз караштарды жолуктурууга болот. Ошондой болсо да, менталитет жалгыз гана гносеологиялык, ойломдук өңүттөн турбастан, курамына социологиялык жана аксиологиялык

элементтерди, баалуулуктарды, нормаларды жана канондорду камтыйт.

Бүгүнкү күндө менталдуулук, менталитет түшүнүгү кеңири колдонулуп, айрым маданий трафареттерди гана эмес, ар кандай типтеги жамааттардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн же ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө мүмкүндүк бере тургандыгын эске алуу керек. Демек, менталитет индивиддин же социалдык топтун турмуштук даярдыктарынын, теориялык жоболорунун, кулк-мүнөзүнүн, дүйнөнү тигил же бул маанайда, формада туюп-сезүүсүнүн, кабыл алуусунун жыйындысы катары элдер менен улуттардын рухий өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчү боло алат. Эреже катары аталган түшүнүктүн жардамы аркасында Батыш жана Чыгыш маданияттарынын ортосундагы маданий, тарыхый, менталдык ж.б. айырмачылыктарды белгилеп, бир эле маданияттын өнүгүү этаптарын мүнөздөө (мисалы, европа маданиятында антикалык, орто кылымдагы, Жаңы мезгилдеги менталитет), тоталитардык жана бюрократиялык, улуттук жана жаштар менталитети ж.б. сөз кылуу мүмкүн.

***«Этносоциалдык рефлексиянын айрым практикалык маселелери»*** деп аталган ***экинчи параграфта*** рефлексиянын социалдык-экономикалык, социалдык жана руханий-нравалык кризисти башынан өткөрүп жаткан кыргыз коомунун болмушун, анын өзгөчөлүктөрүн жараткан процесстерди таанып-билүүдөгү маани-маңызы менен аткарган ролу иликтенди.

Философиялык рефлексия проблемасын изилдөөдө анын социалдык-практикалык чөйрө менен байланыштуу экендигине, о.э. ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө аныктагыч, башталыш болуп материалдуу өндүрүш эсептелгендигине карабастан, философия рухий ишмердүүлүктүн башка формалары сыяктуу коомдук болмушту чагылдыруу менен чектелет деп бир беткей айтуу туура эмес. *«Чагылдыруу»* категориясы илимий гуманитардык изилдөөнүн маңыздуу, маанилүү компоненти болуп эсептелсе да өз алдынча философиялык идеялардын социалдык детерминанттары менен механизмдери тууралуу түшүнүмдөрдү алмаштыра албайт. Рефлексиянын өнүгүшүндөгү негизги факторлор катары маданият менен рухий өндүрүштү атоого болот. Алардын



өнүгүшү материалдык өндүрүштүн керектөөлөрүн өзгөртүп жиберет да, жетишээрлик өзгөчөлүккө жана өз алдынчалуулукка ээ өздүк талаптарды калыптандырат. Материалдык өндүрүш чөйрөсүндөгү практикага тике кызмат кылган илимдерден (ири алдыда табият таануу) айырмаланып, философиялык рефлексия рухий дүйнөнүн мүдөөлөрүн канааттандырууга багытталган. Ошону менен катар эле рефлексия өз кезегинде рухий керектөөлөргө спецификалуу жана интегративдүү форма ыйгарат. Мында рефлексиянын детерминанттык таасири проблемаларды тандоодо жана аныктоодо, философиялык ой жүгүртүүлөрдө кездешкен категорияларды топтоштурууда, методологиялык маселелерди кое билүүнүн өзгөчөлүктөрүндө ж.б.у.с. көрүнөт. Ошентип, философиянын эволюциясынын мүнөзү рефлексиянын программаларынан же идеяларынан кандайдыр бир деңгээлде көз каранды болгон деп айтууга толук негиз бар.

Улуттун өзүн өзү таанып билүү феноменине кызыгуунун *психологиялык негизи* болуп өйдө-ылдыйлуу, ооштуу-кыйыштуу жагдайларда этносоциалдык тааным жана рефлексия маселелери постсоветтик доордо улуттук аң-сезимдин кайра жаралуусун актуалдаштыруу, өнүктүрүү проблемалары менен тыгыз байланышкан.

Бүткүл дүйнөдө жүрүп жаткан интернационалдаштыруу, глобалдаштыруу, вестернизациялоо процесстери илимий адабиятта *этникалык же маргиналдуу иденттүүлүк* деп аталган феномендин тигил же бул маданий жалпылыкка таандык болбой, ара жолдо калган адамдар тобунун пайда болушуна шарт түзүүсү ыктымал. Бул учурда субъектилер эки маданияттын ортосунда чалынып, алардын бирин да терең өздөштүрө албайт. Эреже катары, адамдар иденттүүлүк маселесинде ур-бергиде калып, ички дүйнөнүн конфликтисине арбын дуушар болушаары, алар коомдо алган бийик статусуна карата тигил же бул чоочун этникалык топтун пайдасы үчүн күйүп-бышаары жана агрессивдүү маанайдагы улутчул болуп чыга келишээри белгилүү болду. Ошол себептен, унификация, этностордун өздүк жүзүн жоготуу процесстеринен оолактоонун бирден бир туура жолу, идентификациянын маанисин жогорулатуучу маанилүү фактору болуп *багыттуу идеологиялык таасир* эсептелинет, элдин тарыхый аң-сезимин,

каада-салтын, маданиятын актуалдаштырууда «улуттук агитациянын» натыйжасы катары *багыттуу мамлекеттик идеология* каралат.

Сөзүбүздүн соңунда маңыздуу өзгөрүштөрдү башынан кечирип жаткан коомду, андагы социалдык процесстерди, адамдардын аң-сезимин, маанайын, идеяларын изилдөө социалдык-гуманитардык илимдердеги негизги маселелеринин бири. Мындай актуалдуу проблема жогорку деңгээлдеги теориялык жөндөмдүүлүктү талап кылат. Этносоциалдык таанымдагы рефлексия менен байланыштуу маселелер аны (этносоциумду) жараткан белгилүү бир улуттун, таптын, топтун, жамаатынын өкүлдөрүнүн интеллектуалдык сапаттарынан гана эмес, алардын ыйманынан, тарбиясынан, инсандык, руханий табиттеринен да көз каранды.

**Корутундуда** изилдөөнүн негизги натыйжаларын чагылдырган төмөнкүдөй негизги тыянактар келтирилди:

- Этносоциалдык таанымдагы рефлексиянын мааниси менен ролуна кайрылуу жана аны изилдөө коомдук өнүгүүнүн бүтүндөй бир системасы жана аталган феномендин татаалдыгы менен шартталган.
- Изилдөө ишинде негизги көңүл рефлексия менен менталдуулуктун этникалык детерминацияланышынын өзгөчөлүктөрүнө, рефлексиянын социалдык көрүнүштөр менен процесстерден алган ордуна, анын этносоциалдык таанымда аткарган ролуна, о.э. анын цивилизациялык, маданий өзгөчөлүктөргө карай бөтөнчө маанайларына бурулду.
- Рефлексия - бул кандайдыр бир нерсени окуп-үйрөнүүнүн жана салыштыруунун жардамы аркасында түшүнүп-билүү процесси, б.а. адамдын акыл-эсинини, өздүк ойлонуусунун, өздүк аң-сезимдин үстүнөн болгон ой жүгүртүүсү, талдоо жүргүзүүсү аталат. Рефлексия түшүнүгү социалдык таным системасында коомдук аң-сезимдин маанилүү структуралык мүнөздөмөсү. Адамдын таанып-билүүчүлүк ишмердиги рефлексиялуу механизмдерсиз эч мүмкүн эмес, таным субъектиси аң-сезимдүү же аң-сезимсиз маанайларда рефлексияга таянууга муктаж.
- Этникалык фактор социалдык таанымдын өзгөчөлүгүн аныктаган маанилүү детерминанттардын бири болуп саналат. Турмуштагы кубулуштарды конкреттүү этникалык өзгөчөлүк менен чагылдырган индивиддердин, топтордун түшүнүмдөрү, билимдери, тарыхый өткөнүн баалоосу тууралуу сөз болгондо сөзсүз түрдө рефлексия маселесин социалдык таанымдын этникалык өңүтү менен байланыштыруу зарылдыгы келип чыгат.



- Этносоциалдык таанымдын категориялык-түшүнүк аппараты сөз болуп жаткан улуттун же этностун табияты менен аныкталат. Ошол себептен, *«өздүк аң-сезим, «өздүк тааным», «өздүк жөнгө салуу», «этникалык идентификация» «улуттук аң-сезим», «улуттук мүнөз», «менталитет»* улуттун рухий жүзүнүн, ички дүйнөсүнүн, кулк-мүнөзүнүн, дүйнө таанымынын маңыздуу белгилерин чагылдырууга мүмкүндүк берген түшүнүктөр болуп саналышат.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү илимий макалаларда чагылдырылган:**

1. Биоэтика и деонтология в медицине // Сборник научных статей. – Бишкек: КГМА, 2002. (В соавторстве). – С. 187-192.
2. Особенности познания субъективных параметров современного общества // Гуманитарные проблемы современности. Материалы межвузовской конференции. – Бишкек: НАН КР, 2004. – Выпуск 5. – С. 235-245.
3. Современное общество и его субъективные показатели // Вестник КНУ имени Ж. Баласагына. Труды молодых ученых Центра магистратуры, аспирантуры и национальных образовательных программ. – Гуманитарные науки. – Серия 5. – Выпуск 1. – С. 122-124.
4. Некоторые методологические проблемы исследования современного общества // Вестник КНУ имени Ж. Баласагына. Труды молодых ученых Центра магистратуры, аспирантуры и национальных образовательных программ. – Гуманитарные науки. – Серия 5. – Выпуск 1. (в соавторстве). – Бишкек, 2004. – С. 124-130.
5. Рефлексия түшүнүгүнүн маани-маңызы // Современность: философские и правовые проблемы. Материалы 9-й научно-теоретической конференции. – Бишкек: НАН КР, 2004. – С. 39-47.
6. Рефлексия в структуре самосознания личности // Вызовы современности и ответственность философа. Материалы «круглого

столa» посвященного всемирному Дню философии. – Бишкек: Кыргызско-Российский славянский университет, 2003. – С. 62-69.

7. Орто кылымдагы философиядагы рефлексия маселеси // Современность: философские и правовые проблемы. Материалы 8-й республиканской научно-теоретической конференции, посвященной 2200-летию кыргызской государственности. – Бишкек: НАН КР, 2004. – С. 20-29.

8. Рефлексиялык ишмердүүлүк жана анын типтери // Современность: философские и правовые проблемы. Материалы 8-й республиканской научно-теоретической конференции, посвященной 2200-летию кыргызской государственности. – Бишкек: НАН КР, 2005. – С. 24-36.

9. Некоторые проблемы социальной гносеологии // Вестник КНУ имени Ж. Баласагына. Труды молодых ученых Центра магистратуры, аспирантуры и национальных образовательных программ. – Гуманитарные науки. – Серия 5. – Выпуск 1. – Бишкек, 2005. – С. 19-22.

10. Особенности мировосприятия древних кыргызов // Материалы межгосударственной научно-теоретической конференции «Актуальные проблемы этнопсихологии и этнопедагогики в изысканиях молодых ученых Казахстана и Кыргызстана. – Алматы: Қазақ университеті, 2006. – С. 47-50.

11. Батыш-Чыгыш дүйнө таанымындагы жалпылыктар менен айырмачылыктар // Преемственность народной мудрости в современной кыргызской философии. Международная научно-теоретическая конференция. – Бишкек: НАН КР, 2006. – С. 305-310.

12. Проблема изучения социального благополучия в науке // Философский Альманах (Современность: Мир мнений). - Серия «Философские науки». – Алматы: КазНПУ имени Абая, 2006№ 29890 – Ж №3 (27). – С. 130-134.



**Р. А. Сатыбалдиеванын 09. 00. 11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган «Этносоциалдык таанымдагы рефлексиянын орду» аттуу диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** рефлексия, социалдык таанperiods, этносоциалдык тааным, этникалык идентүүлүк, коомдук аң-сезим, индивидуалдык аң-сезим, менталитет, цивилизация, маданият, рационализм.

Изилдөө ишинин *максаты* болуп этносоциалдык тааным системасындагы рефлексия түшүнүгүнүн онтологиялык жана гносеологиялык табиятын окуп-үйрөнүү эсептелет.

***Иштин биринчи бабында*** рефлексия феноменин иликтеген окуулар менен түшүнүмдөрдүн байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки *тарыхый-философиялык турпаты*, этносоциалдык таанымдагы рефлексия феноменин изилдөөнүн маңызы, берилген феномендин *мааниси, мазмуну* жана *структурасы*, этносоциалдык *таанымдын маңызы* менен *механизмдери*, ошондой эле рефлексиянын алардан алган *орду* кеңири анализденди. Рефлексиянын мазмунунун *философиялык концептуализациясы*, адам менен коомдук-саясий системанын өз ара алакаланышуу чөйрөсүндөгү фундаменталдуу мыйзам ченемдүүлүктөрдү ачып берүүгө көмөк болчу адамдын социомаданий процесстерге болгон *мамилесинин өзгөчөлүктүү конкретизациясы* көрсөтүлдү.

***Диссертациянын экинчи бабында*** адамдын өзүн жана курчап турган дүйнөнү өзгөртүп түзүүгө болгон чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн ойготууга жана реалдаштырууга түрткү боло алган *рефлексиянын ички механизмдери* аныкталды. Этносоциалдык таанымдагы рефлексиянын *орду* менен *ролу* изилденип жаткан феномендин Батыш-Чыгыш маданий диалогундагы *өнүгүү логикасы* менен негизги *формаларын, практикалык маселелерин* аныктоого мүмкүндүк берген *методологиялык базаны* негиздөөгө аракеттер кылынды.

***Корутундуда*** иштин негизги тыянактары келтирилди.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Р.А. Сатыбалдиевой «Место рефлексии в этносоциальном познании» на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09. 00. 11 – социальная философия**

**Ключевые слова:** рефлексия, социальное познание, этносоциальное познание, этническая идентичность, общественное сознание, индивидуальное сознание, менталитет, цивилизация, культура, рационализм.

***Целью*** **работы является выявление онтологической и гносеологической природы понятия «рефлексия» в системе этносоциального познания.**

***В первой главе работы*** приводится *историко-философский анализ* концепций и учений о рефлексии в социальном, в том числе этносоциальном познании с древнейших времен до современности, подробно анализируются *сущность* и *механизмы* этносоциального познания, а также раскрыты содержание и структура данного феномена. Представлены *философская концептуализация* содержания рефлексии, *конкретизация специфики отношения* человека к социокультурным процессам, способствующим раскрытию фундаментальных закономерностей в области взаимоотношений человека и общественно-политической системы, понимания новых аспектов человеческого бытия и его будущего.

***Во второй главе*** выявлены *внутренние механизмы* человеческой рефлексии, что могло бы служить толчком к пробуждению и реализации творческих потенций человека на преобразование себя и окружающего мира. *Место* и *роль* рефлексии в социальном познании выявлены посредством *логики развития* основных *форм* рефлексии в культурном диалоге «Восток-Запад»; обоснована *методологическая база* теоретического анализа *практических проблем* рефлексии на примере этносоциального познания кыргызского народа.

***В заключении*** приводятся основные итоги и выводы работы.



# RESUME

**of Rahat A. Satybaldieva's dissertation theses "The Place of Reflexion in Social and Ethnic Cognition", for the candidate of sciences degree to be appropriated on specialty 09. 00. 11 – Social philosophy**

**Key words:** reflexion, social cognition, ethnic cognition, social and ethnic cognition, ethnic identification, social consciousness, individual consciousness, mentality, civilization, culture, rationalism.

***The objective*** **of the theses is a revealing of ontological and gnoceological nature of the concept "reflexion" in the system of ethnosocial cognition.**

***In the First Chapter*** have been analyzed the issues of *the essence* and *mechanisms* of ethnosocial cognition and the place and role of reflexion in it. The novelty of the theses is demonstrated in constructing of *methodological basis* for the study of the phenomenon of reflexion in the ethnosocial cognition, in revealing of the essence, content and structure of the above phenomenon, in *historical* and *philosophical analysis* of conceptions and theories on reflexion in the social, as well as ethnosocial cognition since the ancient times up to present,

***In the Second Chapter*** has been shown a practical significance of the work constituted in revealing of inner mechanisms of human reflexion, which could serve as an impulse to rising and carrying out of creative powers of man directed to change him and the world. In the dissertation are represented a philosophic conceptualization of the content of reflexion, concretization of the specifics of the attitude of a man towards socio-cultural processes, promoting discoveries of fundamental laws in the sphere of interrelationships of men and socio-political system, comprehension of new aspects of human existence and his future. *The place* of reflexion in Social and Ethnic cognition are revealed on the basis of unearthing of logics of the development of the main forms of reflexion in the cultural dialogue East-West; a methodological basis of theoretical analysis of *practical problems* of reflexion on the example of ethnosocial reflexion of the Kyrgyz people has been founded.

***In the Conclusion*** main results of the Theses have been presented.